**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**ӨЗГӨН РАЙОНУ**

**ТӨРТ-КӨЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**УЗГЕНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТОРТ-КОЛСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Төрт-Көл айылдык кеңешинин VIII-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**2025-жылдын 14 -ноябры** **№ 90** **Жылалды айылы**

**Прогресс айылындагы № 5 ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбооруна акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоого Прогресс айылындагы № 5 ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбооруна акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы З. Осмоновдун 2025-жылдын 10–ноябрындагы №1395 сандуу билдирүүсүн карап, финансы, экономика, бюджет, экономикалык жактан өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо жана инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 12-ноябрындагы корутундусуна ылайык Төрт-Көл айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Прогресс айылындагы № 5 ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбооруна дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоого Төрт-Көл айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинен капиталдык оңдоо 3111-беренесинен өздүк салым үчүн 729 429 (жети жүз жыйырма тогуз миң төрт жүз жыйырма тогуз) сом бөлүнүп берилсин.

2. Прогресс айылындагы № 5 ички көчөнү капиталдык оңдоо (асфальт төшөө) долбоорун иш жүзүнө ашыруу жагы Төрт-Көл айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы, экономика, бюджет, экономикалык жактан өнүгүүнүн болжолдуу багыттарын аныктоо жан инвестиция маселелери боюнча туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

**Төрага** **М. Тажибаев**